І БӨЛҮК

# Эне Тили жана Окуу Сабаттуулугу 1

*Жалпы орто билим берүүчү мектептердин*
*1-классы үчүн окуу китеби*

*Жаңы басылым*

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим*
*берүү министрлиги тарабынан сунушталган*

ТАШКЕНТ – 2021

УЎК 17(075.3)
КБК 81.2(5Кир)я72
О 59

*Түзүүчүлөр:*
А. Тойчубаева, А. Юнусалиева, А. Зулпихорова,
Г. Элтуйдиева, М. Куганова

*Пикир жазгандар:*
**М. Темирова** – Андижан мамлекеттик университетинин Кыргыз тили жана адабияты багытынын доценти, Филология илимдери боюнча Философия доктору (PhD);
**М. Сулайманова** – Андижан мамлекеттик университетинин Кыргыз тили жана адабияты багытынын улук окутуучусу.

Эне тили жана окуу сабаттуулугу, 1-класс [Текст]: окуу китеби (1-бөлүм) / А. Тойчубаева [жана башк.]. – Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2021. – 104 б.

ISBN 978-9943-7155-7-8

# ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР

– **Окуп түшүнүү**

– **Макал**

– **Угуп түшүнүү**

– **Эреже**

– **Суроолорго жооп бер**

– **Оюн**

– **Сүрөт менен иштөө**

*Республикалык максаттуу китеп фонду каражаттары эсебинен басылды*

*Оригинал макеттин дизайн концепциясы Республикалык билим берүү борбору тарабынан иштелген*

ISBN 978-9943-7155-7-8
© Республикалык билим берүү борбору, 2021

# МАЗМУНУ

## I БӨЛҮМ. МЕН, СЕН, АЛ ЖАНА АЛАР


1-сабак. Өзбекстан – Мекеним.....5
2-сабак. Мекен…..7
3-сабак. Мекен сакчысы.....8
4-сабак. Кызыктуу сабак.....10
5-сабак. Менин үй-бүлөм.....12
6-сабак. Жакын адамдарым …..13
7-сабак. Үй-бүлө.....16
8-сабак. Жети ата.....18
9-сабак. Кумурскага да мекени кымбат.....20
10-сабак. Өзбекстандын шаарлары.....21
11-сабак. Жашынмак.....23
12-сабак. Амир Темур.....25
13-сабак. Кичинекей мекеним.....26
14-сабак. Чабалекей менен жылан.....28
15-сабак. Менин күн тартибим.....32
16-сабак. Менин бир күнүм.....34
17-сабак. Убакыттан туура пайдалануу.....35
18-сабак. Аппак кар.....37
19-сабак. Алишер Наваийнин балалыгы.....38
20-сабак. Өздүк майрам.....39
21-сабак. Мен тандаган белек.....40
22-сабак. Крокодил Генанын ыры.....42
23-сабак. Бөлүм боюнча кайталоо.....43


## II БӨЛҮМ. ТАБИЯТ ЖАНА БИЗ


24-сабак. Кыш.....44
25-сабак. Кичине балаты.....46
26-сабак. Үйдүн ичине гүл өстүрүү.....48
27-сабак. Аппак кар.....49
28-сабак. Ит менен аюу.....52
29-сабак. Баарыңарга тапшырма.....53
30-сабак. Абыл мерген.....54
31-сабак. Бактекке боору ооруган Наваий.....56

32-сабак. Биринчи кар......57
33-сабак. Табияттагы өзгөрүүлөр......58
34-сабак. Суу – теңдешсиз байлык......59
35-сабак. Жоголгон улактар......61
36-сабак. Аба-ырайын күн мурунтан кантип билүүгө болот?......62
37-сабак. Бактек......63
38-сабак. Бул кайсы өө лөр......64
39-сабак. Баарынан ким күчтүү? I......65
40-сабак. Баарынан ким күчтүү? II......66
41-сабак. Табиятты коргойлу......67
42-сабак. Мамалак ыры......68
43-сабак. Дарак да ыйлайбы?......70
44-сабак. Шайыр каздар......71
**III БӨЛҮМ. ДЕН СООЛУК – ТҮМӨН БАЙЛЫК**
45-сабак. Жаз......73
46-сабак. Машыгабыз – жыргайбыз......75
47-сабак. Жашылчалар жана мөмө-жемиштер......76
48-сабак. Ден соолук – түмөн байлык......78
49-сабак. Тиштерим ак шурудай......80
50-сабак. Апанын кеңеши......82
51-сабак. Баарынан эне ыйык......83
52-сабак. 8-март – Аялдардын эл аралык күнү......84
53-сабак. Апакем......85
54-сабак. Эфир майлары......87
55-сабак. Балалык......89
56-сабак. Жазгүлгө эмне болду?......90
57-сабак. Көктөм......91
58-сабак. Селкинчек......92
59-сабак. Шакек салмай оюну......93
60-сабак. Спорт оюндары......95
61-сабак. Ак терек, көк терек......96
62-сабак. Нооруз......98
63-сабак. Сүмөлөк I......99
64-сабак. Сүмөлөк II......101
**БӨЛҮМ БОЮНЧА КАЙТАЛОО**......102

# I БӨЛҮМ. МЕН, СЕН, АЛ ЖАНА АЛАР

## ӨЗБЕКСТАН – МЕКЕНИМ



Мекен деген эмне? Бул сөз бардыгыбыз үчүн өзгөчө кымбат. Мекен деген ыйык сезим адамдардын жүрөгүнөн орун алган. Мекен – бул ар кимдин киндик каны тамган жери гана эмес, ал учу-кыйрына көз жетпеген ажайып керемет өлкөбүз – Өзбекстан.

Биздин Мекенибиз – Өзбекстан. Ал кооз жана күнөстүү өлкө. Өзбекстан өзөн сууларга, тунук булактарга жана көлдөргө бай. Мекенибиздин асман тиреген аска-зоолорунда кен байлыктар жатат.

Мекенибиз менен сыймыктанабыз.

### Суроолорго жооп бер

1. Текст эмне жөнүндө экен?
2. Мекенибиз кандай аталат?
3. Мекен деген эмне?
4. Өзбекстан жөнүндө эмнелерди билесиң?

### Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Туулган жердин топурагы – алтын.

Ар кимдин туулган жери Мисир.

Биз сүйлөгөндө угулган айрым – айрым үндөр тыбыш деп аталат.
Тыбышты айтабыз жана угабыз.
Тыбышты белгилей турган белги тамга деп аталат.
Кыргыз тилинде 36 тамга бар. Тамганы көрөбүз жана жазабыз.

## Суроолорго жооп бер

1. Кыргыз тилинде канча тамга, канча тыбыш бар?
2. Тамгаларды алфавит тартибинде айтып бер.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Аа**(а) | **Бб**(бе) | **Вв**(ве) | **Гг**(ге) | **Дд**(де) |
| **Ее**(йе) | **Ёё**(йо) | **Жж**(же) | **Зз**(зе) | **Ии**(и) |
| **Йй**(ий) | **Кк**(ка) | **Лл**(эл) | **Мм**(эм) | **Нн**(эн) |
| **Ң**(эн) | **Оо**(о) | **Өө**(ө) | **Пп**(пе) | **Рр**(эр) |
| **Сс**(эс) | **Тт**(те) | **Уу**(у) | **Үү**(ү) | **Фф**(эф) |
| **Хх**(ха) | **Цц**(це) | **Чч**(ча) | **Шш**(ша) | **Щщ**(ща) |

**ь** (ичкертүү белгиси) **Ыы**(ы) **ъ** (ажыратуу белгиси)

**Ээ**(э) **Юю**(йу) **Яя**(йа)

2-сабак

# МЕКЕН

Учу – кыйыры кең мекен,
Алдейлеген энем сен.
Бүт дүйнөнү кыдырсам,
Табалбаймын сага тең.

Булагыңдан суу ичем,
Гүлзарыңдан гүл үзөм.
Балдан таттуу сезилет,
Бак алмаңдан мен жесем.

Көңүлүмдө жаттаймын,
Жүрөгүмдө сактаймын.
Алтын, күмүш, каухарга,
Алмашпаймын, сатпаймын.

Темиркул Үмөталиев



## Суроолорго жооп бер

1. Ырга сен кандай ат коёт элең?
2. Алтын, күмүш, каухарга эмнени сатпайм деп жатат?
3. Өзүңдүн туулуп – өскөн айылың жөнүндө сүйлөп бер.
4. Ырды жаттап, көркөм айтып бер.

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Ата журт – алтын бешик.
Мекендин кадыры башка жакта билинет.

3-сабак

# МЕКЕН САКЧЫСЫ

Менин Эмил аттуу агам бар. Ал Достук чек ара кошуундарында кызмат кылат. Атам, апам, чоң атам болуп январда көргөнү бардык. Биз агам менен учураштык. Агамдын кызматташ достору менен да тааныштык. Алар эр жүрөк, баатыр жигиттер экен. «Биз ар дайым Мекенибиз үчүн кызмат кылабыз» – дешти.

Аларга абдан суктандым. Келечекте мекенимди коргогон чек арачы боломун.

Жигит болуп чоңоюп,
Өсүп, күчкө толомун.
Ата – энемди ардактап,
Чек арачы боломун.



## Суроолорго жооп бер

1. Досуңдун агасы каерде кызмат өтөйт экен?
2. Агасын көргөнү кимдер барышты?
3. Сен дагы чек арачы болууну каалайсыңбы?
4. 14-январь кандай күн? Сүрөткө карап сүйлөп бер.

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Эр жигит эл четинде, жоо бетинде.

Сүрөттөргө карап Мекен коргоочулары жөнүндө сүйлөп бер.



## 4-сабак

## КЫЗЫКТУУ САБАК



Керектүү буюмдар: ак кагаз, түстүү кагаз, кайчы, желим. Ак баракка чоң дарактын сүрөтү тартылып, доскага илип коюлат.

Класс эки топко бөлүнөт. Ар бир топ өзүнө ат коюшат. Окуучулар түстүү кагаздан алманын сүрөтүн кыркып алышып, ага Мекенге тиешелүү сөздөрдү жазып, даракка алып барып жабыштырышат. Бул оюнда окуучулар «Мекен деген эмне?» – суроосуна жооп табышат. Окуучулар өздөрү Мекен дарагын жаратышат.

### Суроолорго жооп бер

1. Кыргыз тилинде канча үндүү тыбыш бар?
2. Кыргыз тилинде канча үнсүз тыбыш бар?
3. Йоттошкон тамгаларды билесиңби?
4. Созулма үндүүлөрдү айтып бер.

### «Улантып кет» оюну

Окуучулар бул оюнда үндүү, үнсүз тамгаларды айтуу менен улантышат.

*Үлгү:* Мекен – «м» – үнсүз, айыл – «а» – үндүү, ...

## СҮРӨТТҮҮ ДИКТАНТ








Сүрөттөрдүн аттарын таап иш дептериңе жаз.








## ТАП, ТАП ТАБЫШМАК.

Нөшөрлөп жамгыр басылды,
Күн жаркып нуру чачылды.
Асманда түстүү боёк жип,
Ийилип жерге тартылды. (К.. ж..... )

Түр – түр килем, түр килем,
Түрө албадым, бир килем.
Сал – сал килем, сал килем,
Сала албадым бир килем. (А...., ж.. )

## 5-сабак МЕНИН ҮЙ-БҮЛӨМ



### Суроолорго жооп бер


1. Сүрөттө кимдерди көрүп жатасың?
2. Бул сүрөткө ат кой.
3. Сүрөттүн негизинде сүйлөп бер.
4. Сенин үй-бүлөңдө канча адам бар?

### Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны.

Абийир тапса баласы, атасына бак конот.

# 6-сабак ЖАКЫН АДАМДАРЫМ



Ата-энем аман бол деп тилек кылган,
Чоң ата, таятамдан дуба алгам.
Чоң энем, таенем бактым менин,
Мээримин күн нурундай мага чачкан.

Байкем, тайкем колумдан жетелеген,
Эжекем, жууп-тараган, чайы белен.
Иничегим, секелек карындашым,
Булар менин эң жакын адамдарым.
«Баркына жет» – деп жараткан мага берген.

## Суроолорго жооп бер

1. Ыр эмне жөнүндө?
2. Үй-бүлө мүчөлөрүнө тиешелүү сөздөрдү таап айт.
3. Ырды көркөм оку.

# МЕНИН ҮЙ-БҮЛӨМ



Сүрөттөргө сүйлөм түз.

## Туура жоопту тап

Карындашым – ... (бир тууган кыз бала, бир тууган уул бала, атамдын иниси). Таеже – ... (апамдын апасы, апамдын эжеси же сиңдиси, апамдын иниси). Жээн – ... (байкемдин баласы, эжемдин баласы, таекемдин баласы). Эже ... (атамдын карындашы же эжеси, апамдын сиңдиси, атамдын апасы). Таеке – ... (апамдын атасы, апамдын иниси же байкеси, атамдын иниси).

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан сый көрөсүң.


Иниси бардын ырысы бар.

Сөздөрдө канча тыбыш бар?
*Үлгү:* Бала – 4 тамга, 4 тыбыш.



7-сабак

# ҮЙ-БҮЛӨ



Биздин үйдүн улуусу,
Чоң атам менен чоң энем.
Ата-энемдин эпилдеп,
Урматтары жөн экен.

Байкем менен жеңекем,
Дагы эки эжекем.
Биринчиде окуган,
Эң кичүүсү мен экен.

Ушундай биздин үй-бүлө,
Билгиңер келсе билгиле.
Ынтымактуу экенин,
Көңүлгө да түйгүлө.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Үй-бүлөңдөгү улууларга кандай сый-урмат көрсөтөсүң?
2. Алар жөнүндө айтып бер.
3. Ырды жаттап ал.

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Агасын көрүп ини өсөт, эжесин көрүп синди өсөт.



Сүрөткө ат коюп, чакан текст түз.

# ЖЕТИ АТА



Жети ата – бул ата текти билүү. Жети ата кыргыздар үчүн өтө маанилүү болгон. Бейтааныш адамдан: «Жети атаң ким болгон», – деп сурашкан. Мына ошентип анын кимдигин билип алышкан. Кыргыздар: «Ким жети атасын билбесе, эл безери» деп айтышкан. Ошондуктан баарыбыз жети атабызды билип алалы.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Атаң сага жети атаң жөнүндө айтканбы?
2. Бейтааныш адамды кантип таанып алышкан экен?
3. Жети атасын билбесе эмне дешкен?







Сен дагы жети атаңды айтып бер.

*Үлгү:* Өз атам – Кайрат, чоң атам – Ташмамат, Бабам – Кадырбек, Бубам – Токтобай, Кубарым – Каландар, ...

**Эсиңде сакта.**

Жети атаңды унутканың, тарыхыңды курутканың.

9-сабак

# КУМУРСКАГА ДА МЕКЕНИ КЫМБАТ

Күндөрдүн биринде Шайх Шиблий алыс кыштагынан шаарга барат. Бир нан дүкөнүнөн дан сатып алат. Аны айылына алып барып ачса, бир кумурска жүрүптүр. Жаныбар аябай тынчсызданып, ары-бери чуркап жатыптыр.

Шайх Шиблий кумурсканы ойлоп, таң атканча уктабаптыр. Качан гана үрүл-бүрүл болгондо даны менен кумурсканы кайра шаарга алып жөнөптүр. Баягы буудай алган жерге келип, кумурсканы коё берип карап турса, жалгыз кумурска чуркап барып, ийинине кирип кетиптир.



## Суроолорго жооп бер

1. Шайх Шиблий эмнеге уктай албады?
2. Кумурска неге тынчсызданды?
3. Эмне үчүн Шайх Шиблий кумурсканы кайра шаарга алып барды деп ойлойсуң?

**Сөздөрдө канча үндүү тыбыш бар экендигин аныкта.**

Күндөрдүн, дүкөнүнөн, тынчсызданып, кумурсканы, таң, шаарга.

10-сабак

# ӨЗБЕКСТАНДЫН ШААРЛАРЫ

Өзбекстанда көптөгөн шаарлар бар. Өзбекстандын борбору – Ташкент. Ташкент – кооз шаар. Өлкөбүздө мындан башка Андижан, Наманган, Фергана, Бухара, Хива сыяктуу шаарлар да бар. Самарканд шаары – өлкөбүздөгү эң сулуу шаар. Самаркандда тарыхый мурастарыбыз сакталган. Регистан аянты да ушул шаарда жайгашкан.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Сен дагы кандай шаарларды билесиң?
2. Мекенибиздеги кайсы шаарларда болгонсуң?
3. Эмне үчүн шаарлардын аттары баш тамга менен жазылган?

**Энчилүү аттар боюнча сөз оюнун уланткыла.**

**М** – Марат, Мээрим, Москва......

**А** – Айгерим, Андижан, Асылбек....

**Н** – Назгүл, Нияз, Наманган.....

**А** – Айзада, Асан, Алма-Ата....

**С** – Салима, Самат, Сырдарыя....

! Ар бир нерсеге энчиленип коюлган аттар энчилүү аттар деп аталат.
Энчилүү аттар баш тамга менен жазылат.

Өзүң жашаган жердеги энчилүү аттарга мисал келтир.

Өзбекстандагы шаарлардын аттарын айт.











11-сабак

# ЖАШЫНМАК



Токон, Ташын,
Жашынышты бачым.
Издеп жүрөт Касым.
Келе жатса Касым,
Чыгарып башын:
Мен бул жерде
жокмун, – дейт,
Кичинекей Ашым.

## Суроолорго жооп бер

1. Ырда балдар кандай оюнду ойноп жатышат?
2. Бул жерде канча бала бар?
3. Балдардын аттарын айтып бер.



Сүрөттүн негизинде энчилүү аттарды катыштырып чакан аңгеме түз.

## ТАБЫШМАКТЫН ЖАНДЫРМАГЫН ТАП

Асан, Үсөн жана Касым —
Менден улуу агаларым.
Короодо ойноп жаткан,
Керим дагы менин иним.
Баарыбызга бир эле эже,
Канча болдук, бизди эсепте?

12-сабак

# АМИР ТЕМУР

Эл баштаган, журт кураган бабаларыбыздан эң көрүнүктүүсү Амир Темур болуп саналат. Ал азыркы Шахрисабз шаарына жакын кыштакта төрөлгөн. Жаштайынан аскердик иште чыйрактыгы, адилеттүүлүгү, акылмандыгы менен көпкө үлгү болгон. Мезгил жетип, айланасындагы бардык урууларды бириктирип, күчтүү мамлекет кураган. Амир Темур бабабыз: «Күч – адилеттүүлүктө» деп айткан.



## ? Суроолорго жооп бер

1. «Эл баштаган, журт кураган» деген сөздү кандай түшүнөсүң?
2. Амир Темур каерде төрөлгөн?
3. Ал кандай адам болгон экен?

**Темур бабанын насааттарын жаттап ал.**

Перзенттери саламат журт – күчтүү болот.
Үй-бүлө – ыйык турак.
Жакшы адам журт курат, жаман адам журт бузат.

13-сабак

# КИЧИНЕКЕЙ МЕКЕНИМ



Таза аба, таттуу суу,
Көңүлдөргө жакчу суу.
Туулуп – өскөн айылым,
Жакшы жердин жакшысы.

Терип кызыл гүлдөрүн,
Тектиринде жүргөнмүн.
Кубалашып, ойношуп,
Кулунчагын мингенмин.

Өткөн бала кезегим,
Өткүр куштай сеземин.
Мага кымбат, ыйыксың,
Кичинекей мекеним.

Гүлмира Казыбаева

## Суроолорго жооп бер

1. Жакшы жердин жакшысы дегени эмне?
2. Бул ырга сен кандай ат коёт элең?
3. Мекен жөнүндө кандай макалдарды билесиң?


Тыбыштар айтылышына карай үндүү жана үнсүз тыбыштар болуп экиге бөлүнөт:

**Үндүү тыбыштар** – 14. **Үнсүз тыбыштар** – 25. Жазууда 22.

## «Пирамида» оюну

Үндүү тамга менен башталган сөздөргө тамгалардын өсүү тартибинде сөз табуу менен өзүңдүн билимиңди сына.

| | |
|---|---|
| **О** | **У** |
| **Ор** | **Ук** |
| **Ошо** | **Уят** |
| **Отур** | **Укта** |
| **Оймок** | **Укмуш** |



# 14-сабак

## ЧАБАЛЕКЕЙ МЕНЕН ЖЫЛАН



Эки чабалекей келди. Уя жасай башташты. Бир нече күндөн кийин чөйчөктөй болгон уя даяр болду.

Чабалекейдин бири бир нече күндөн кийин беш балапан чыгарды. Бир күнү түш мезгили устундун түбүндө жаткан жыланды көрүп коркуп кетти.


– Ой, сен ким болосуң?

– Аа, менин ким экенимди тааныбайсыңбы? Кана өзүң айтчы?

– Жылансың.

– Бери түшүп келсең, сүйлөшөлү, – деди жылан.

– Тигини, мени алдап жатканын көр. Сен жылансың, жаныңа барсам, чагып аласың, – деди чабалекей.







– Жыландан мен да корком. Менин тишим абдан майда. Тилим гана узун, – деп тилин соймоңдотуп койду.

– Жылан болбосоң, анан эмнесиң? – деди чабалекей.

– Мен кескелдирик болом.



– Кескелдириктин буттары болчу эле. Сенин буттарың кана? – деди чабалекей.

– Кээ бир кескелдириктерде бут жок болот, – деди жылан.

– Жок, мен ишенбейм, – деди чабалекей.

– Мага ишенбесең жаныңа барып ишендирейин, – деп жылан устунга оролуп, жогору сойлой баштады.

Чабалекей «балдарымды жылан жейт экен», деп коркту. Уясынан учуп тышка чыкты. Кайра уясына келди. Балдарынын оозун ачып жем сураганын көрдү.

Жылан сойлоп, чыгып келатты.

Үйдүн жанындагы жол менен абышка тоодон түшүп келе жаткан. Тамга кирип-чыгып чырылдап жүргөн чабалекейди көрүп таң калды. Абышка үйгө кирип, чабалекейдин уясына башын салып жаткан жыланды көрдү.

Колундагы ыргай сабоосу менен жыланды чаап-чаап жиберди. Жылан жерге түшүп, качканча шашты. Чабалекей абышкага алкыш айтты.



## ? Суроолорго жооп бер

1. Жылан өзүн ким деп тааныштырды?
2. Эгерде абышка келбегенде эмне болмок?
3. Чыгарма сага эмнеси менен жакты?

## ТАБЫШМАК

Кыш куйбай, ылай чылабай,
Ичи тышын шыбабай,
Үй куруп алат кайсы уста,
Балта, керки кармабай?



**Үнсүз тыбыштар** – 25. Жазуу да 22. Алар: **б, в, г, (гы, ги) д, ж, (ж, дж) з, й, к, (кы, ки) л, м, н, ң, п, р, с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ.**

Эки топко бөлүнүп, биринчи топ үндүү тамгалар менен башталган сөздөрдү, экинчи топ үнсүз тамгалар менен башталган сөздөрдү таап айткыла.

## «Ойло, изде , тап» оюну

Канаттуулардын аттарын кесме тамгалар менен бош чакмактарга жайгаштыр.

(Сарыбаш, улар, сагызган, торгой, карга, бүркүт)

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | К | | | | | | |
| | | | | | | У | | | | | | |
| | | | | | | Ш | | | | | | |
| | | | | | | Т | | | | | | |
| | | | | | | А | | | | | | |
| | | | | | | Р | | | | | | |

**15-сабак**

# МЕНИН КҮН ТАРТИБИМ












**7.00.** Турам, жуунам, тамак ичем.
**8.00.** Сабак башталат.
**12.00.** Үйгө келем, тамак ичем, апама жардам берем.
**14.00.** Шахмат ийримине барам.
**16.00.** Үйгө келем, эс алам, сабак окуйм.
**18.00.** Телевизор көрөм, музыка угам, тамак ичем.
**21.00.** Уктайм.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Эртең менен саат канчада турасың?
2. Сабакка саат канчада барасың?
3. Өзүңдүн күн тартибиңди айтып бер.

! Ооз көңдөйүндө эч кандай тоскоолдукка учурабай, эркин айтылган тыбыштар **үндүү тыбыштар** деп аталат. Алар **а, э (е), о, ө, у, ү, и, ы, у, аа, ээ, оо, өө, үү, уу.** Үндүү тыбыштар айтылышына карай кыска жана созулма үндүүлөр болуп экиге бөлүнөт.

**КЫСКА ҮНДҮҮЛӨР – 8** | **СОЗУЛМА ҮНДҮҮЛӨР – 6**

**а, э, о, ө, у, ү, ы, и** | **аа, ээ, оо, өө, уу, үү**

| | |
|---|---|
| а | аа |
| э | ээ |
| о | оо |
| ө | өө |
| у | уу |
| ү | үү |
| ы | ы |
| и | и |

Өзүң кыска жана созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү тап.

| Кыска үндүүлөр | Созулма үндүүлөр |
|---|---|
| сат | саат |
| ток | тоок |

16-сабак

## МЕНИН БИР КҮНҮМ

Мен дайыма эрте турам. Атам менен кошо дене тарбиялык көнүгүүлөрдү жасайм. Жуунуп, кийинип, тамактанамын. Андан кийин мектепке кечикпей барам. Мектептеги «Көркөм окуу» ийримине катышам. Сабактан кийин үй иштерине кол кабыш кылам. Сабак окуп, үй тапшырмасын аткарам жана досторум менен ойноймун. Бардыгына жетишемин. Сенчи?

### ? Суроолорго жооп бер

1. Сен эртеден кечке эмне кыласың?
2. Сабакка кеч келгенсиңби?
3. Ата-энеңе кандай жардам бересиң?

### АТА-БАБА МУРАСЫ

Боз үй менен ак калпак.
Унутпастан буларды,
Уруналы ардактап.
Ар бир кыргыз баласы,
Ак калпакты кийишсин.
Ак боз үйдө олтуруп,
Манас айтып шартылдап.
Комуз черте билишсин!
Элжиресин сүйүшсүн!
Эне тилде сүйлөшсүн!

### ? Суроолорго жооп бер

1. Улуттук баш кийимибиз эмне деп аталат?
2. Бизге ата-бабаларыбыздан кандай мурастар калган?
3. Атаң сага дагы эмнелер жөнүндө айтып берген?

# 17-сабак УБАКЫТТАН ТУУРА ПАЙДАЛАНУУ



## Суроолорго жооп бер

1. Сүрөт боюнча айтып бер.
2. Эртең менен, түштө, кечинде эл эмне кылат?
3. Күн бизге эмне берет?
4. Убакыт деген эмне?


## ТАБЫШМАК


Таңда туруп, кечте жатат.
Күлүп чыгып, күйүп батат. (к.. )


**!** Үн созулбай кыска айтылса, кыска үндүүлөр болот. Кыргыз тилинде 8 кыска үндүү тыбыш бар.

Алар: **а, о, у, ы, ө, ү, э, и.**


Төмөнкү сүрөттөрдү катыштырып сүйлөм түз жана кандай үндүү тамгалар катышкандыгын айтып бер.













## «Адашкан сөздөр» оюну

Окуучу үлгүлүү Айзирек. Кечикпей Самат келди мектепке. Өз убагында даярдады Акыл сабак.

# АППАК КАР

Аппак, аппак айлана,
Жаап жатат кар кайра.
Музду көздөй жөнөйлү,
Конькилерди байлана.





Тоого барып береги,
Чана, лыжа тебели.
Тиет экен абыдан,
Ден соолукка кереги.




Аппак, аппак, аппак кар,
Ак кийинген бак-шактар.
Мелдештерге катышып,
Жеңсем деген максат бар.

## Суроолорго жооп бер

1. Ырда кайсы мезгил сүреттөлгөн?
2. Кышкы оюндардын ден соолукка кандай пайдасы бар?
3. Бош убактыңда кандай оюндарды ойнойсуң?

# 19-сабак

# АЛИШЕР НАВАЙЙНИН БАЛАЛЫГЫ



Улуу акын Алишер Наваий аалым жана мамлекеттик ишмер болгон. Ал 1441-жылы 9-февралда туулган. Төрт жашында мектепке барган. Беш-алты жашында эле көп ырларды жатка билген. Алишер Наваий көптөгөн чыгармаларды жазып калтырган. Бул инсан акындардын султаны болгон.

## Суроолорго жооп бер

1. Алишер Наваий кайсы элдин акыны болгон?
2. Алишер Наваий жөнүндө эмнелерди билип алдың?
3. Кандай накыл сөздөрүн билесиң?

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Адамдын адеби – анын байлыгынан да жакшы.

## «Кайсы түс биринчи» оюну

**Алишер Наваий көптөгөн чыгармаларды жазып калтырган.**

**Бул инсан акындардын султаны эле.**

**Улуу акын Алишер Наваий аалым жана мамлекеттик ишмер болгон.**

**Беш-алты жашында эле көп ырларды жатка билген.**

**Төрт жашында мектепке барган.**

20-сабак

# ӨЗДҮК МАЙРАМ

Биз өздүк майрамда бири-бирибизге жакшы каалоолорду айтабыз. Белектерди тартуулайбыз. Дасторконго түрдүү тамак-аштар коёбуз. Биз үйдө майрамды көңүлдүү өткөрөбүз.



## Суроолорго жооп бер

1. Сүрөттө кимдерди көрүп жатасың?
2. Бул кандай күн?
3. Бул күндү майрам деп айтсак болобу?

# 21-сабак МЕН ТАНДАГАН БЕЛЕК

Нургазы: – Салам Бермет. Жакшысыңбы?
Бермет: – Салам. Мен жакшымын, сенчи?
Нургазы: – Мен да жакшымын. Бүгүн кимдин туулган күнү экенин билесиңби?
Бермет: – Жок. Билбейм.
Нургазы: – Бүгүн Саматтын туулган күнү.
Бермет: – Аай, ий, унутуп калыпмын го.
Нургазы: – Мен ага белек кылып китеп беремин. Сенчи?
Бермет: – Мен анда эң жакшы тарткан сүрөтүмдү белек кылам.
Нургазы: – Анда эмесе чогуу баралы.
Бермет: – Макул.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Балдар эмне жөнүндө сүйлөштү?
2. Сен да туулган күнүң жөнүндө айтып бер.
3. Сен кандай белек алууну каалайт элең?




**!** Жоон үндүүлөрдү айтып жатканыбызда, тил ооз ичинде кысылбай, эркин турат. Жоон үндүүлөр: **а, о, у, ы.**

Төмөнкү табышмактын жандырмагын тап.

## ТАБЫШМАК

Тегереги от,
Ортосу – суу.
Бир аздан соң,
Көтөрүлүп буу,
Салат чуу,
Тезинен тап, Эмне экен
бул?

«О» менен башталса,
Тамагыңды бышырам.
«А» менен башталса,
Тоо, белести ашырам



| Жоон үндүүлөр | Ичке үндүүлөр |
|---|---|
| Алча, урмат,… | Күкүк, өрдөк… |

Жоон жана ичке үндүүлөргө өз алдынча сөз тап.

**22-сабак**

# КРОКОДИЛ ГЕНАНЫН ЫРЫ

Көпчүлүк шаша берсин,
Көлчүктү баса берсин,
А жамгыр чуркатат, тындырбай.
Эл билбей түшүндүбү,
Эмнеге ушул күнү,
Башкача шайырмын мен мындай.

Кыякты мен, ойной берем,
Эл алдында ар түркүн.
Күйгөндүгүм, туулган күнүм,
Бир жылда бир күн!





Сыйкырчы келсе көктөн
Көгүлтүр вертолётчон,
Көрөбүз бепбекер биз кино.
Куттуктап туулган күнүм
Кубантып мына бүгүн
Береби беш жүздөй эскимо.

## Суроолорго жооп бер


1. Кимдин туулган күнү экен?
2. Эмне үчүн ал бүгүн кубанычтуу?
3. Гена эмнени кыялданып жатат?

23-сабак

# БӨЛҮМ БОЮНЧА КАЙТАЛОО

## БИЛИМИҢДИ СЫНАП КӨР.

1. Үй-бүлө деген эмне?

А)  Б)  В) 

2. Жээн кимдин баласы?
А) Эжемдин;
Б) Агамдын;
В) Инимдин.
3. Макалды толукта. Атаң барда эл тааны, ... .
А) Атасына бак конот;
Б) Атың барда жер тааны;
В) Иниси бардын ырысы бар.
4. Эмилдин агасы кайсы кошуунда кызмат кылчу эле?
А) Ташкент; Б) Бухара; В) Достук.
5. Сүйлөмдү толукта. Биздин Мекенибиз_____________
6. Тыбыш деген эмне?
А) Тыбышты айтабыз жана угабыз;
Б) Тыбышты көрөбүз жана жазабыз;
В) Тыбышты айтабыз жана жазабыз.
7. Үндүү тыбыштар жазылган катарды тап.
А) к, т, б, п, л;
Б) р, а, ж, о, м;
В) а, ө, ү, о, у.
8. Алтынчы атабызды эмне деп айтабыз?
9. Кумурсканы ким мекенине кайра алып келди?
А) Алишер Наваий;
Б) Амир Темур;
В) Шайх Шиблий.
10. Чабалекейдин балдарын ким куткарып калды?
А) Абышка;
Б) Жылан;
В) Бала.

# КЫШ

Айлананы акка боёп, түндө кар жааптыр. Күнгө жекшемби болчу. Уйкусунан кеч ойгонгон Бехруз көзүн ышкалап терезеге келди.

– Ии, апа, кар жааган тура?! Кардан киши жасап, досторум менен ойнойт экенмин да! – деди сүйүнүп.

– Ооба, карегим! Оболу, бетиңди жуу, тамагыңды ич. Сыртта суук катуу, жылуу кийин. Анан чыгып досторуң менен ойноорсуң.

Бехруз тамагын ичип, жылуу кийинип, шашылып сыртка чыкты. Достору эчак эле чыгып, кардан киши жасап жатышыптыр. Бехруз да аларга кошулду.



## Суроолорго жооп бер

1. Бехруз эмнени көрүп сүйүнүп кетти?
2. Апасы уулуна эмнелерди эскертти?
3. Сен да кардан киши жасадың беле?

## ТАБЫШМАКТЫН ЖАНДЫРМАГЫН ТАП

Карагайсыз, тактайсыз,
Көпүрө салат балтасыз. (А...)

**!** Ичке үндүүлөр төмөнкүлөр: **и, ү, ө, э.**

Тексттен ичке үндүүлөр катышкан сөздөрдү таап, айтып бер.

А О Ө И

Ы У Ү Э

Төмөнкү ырдын ичинен ичке үндүүлөр катышкан сөздөрдү таап, көчүр.

## ҮЛГҮ КЫЗ

Үй шыпырган үлгү кыз,
Үйдүн ичин билги кыз.
Жакшы көрөт бөбөгүн,
Өзүнчө эле бир жылдыз.



**Кайсы тамга жок?**

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Д | | Й | Ш | | М | Б | |


| | | | |
|---|---|---|---|
| | У | М | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ш | Е | Й | Ш | | М | Б | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ш | | Р | Ш | | М | Б | |

25-сабак

# КИЧИНЕ БАЛАТЫ



Кичине балаты,
Үшүдү кышта.
Токойдон алып келди,
Калтырбай тышка.

Канча бир оюнчук,
Кооздоп байладык.
Алтындан тобурчак,
Пряник камдадык.

Айланып биз аны,
Ырдап, бийлейбиз.
Кутмандуу жаңы жыл,
Кел, кел, кел дейбиз.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Ыр сага жактыбы?
2. Балатыны эмне үчүн жасалгалашты?
3. Ырды чогуу ырдайбыз?

Сүрөткө ат кой жана аңгеме түз.



## 26-сабак ҮЙДҮН ИЧИНЕ ГҮЛ ӨСТҮРҮҮ

Үйдүн ичине гүл өстүрүү абдан пайдалуу. Ал үйдөгү абаны тазартат, бөлмөнү көрктүү жана кооз кылат. Бөлмө гүлдөрүнүн түрлөрү көп. Биздин бөлмөдө да ар түрдүү гүлдөр бар. Аларга аяр мамиле жасайбыз. Кышында да суу куюп, түбүн жумшартып турабыз. Гүлгө керектүү азык катары жер семирткичтер пайдаланылат. Гүлдөргө мээрим берсең гана алар жакшы өсөт.

### ? Суроолорго жооп бер

1. Сен да бөлмөңө гүл өстүргөнсүңбү?
2. Табиятка гүлдөрдүн кандай пайдасы бар?
3. Гүлдөрдүн кандай түрлөрүн билесиң?



27-сабак


# АППАК КАР

Эшикке чыкса акактап,
Мына, мына, апаппак.
Кар калың жаап салыптыр,
Карасаңар, кызыктай,
Кара күчүк, мышыктар,
Аппак болуп калыптыр.

Бакчабызда бак аппак,
Балатылар дагы аппак.
Балдар «чана теп» дешти,
Баары болуп карышкыр,
Коён кылып салыптыр,
«Кичинесиң» деп мени.

Тоголонуп топтой,
Тоңобуз деп коркпой.
Чоңдор тез-тез басышат,
Алар кайда шашышат?
«Жыгылабыз» дешет го,
Жылгаяктан качышат.

Шайлообек Дүйшеев



## Суроолорго жооп бер

1. Кыш мезгили сага жагабы? Эмне үчүн?
2. Балдар кандай оюндарды ойношту?
3. Кышында кандай кийинүү зарыл?


## ЖАНЫБАРЛАРДЫН КЫШКЫ ТИРИЧИЛИГИ.

Сүрөттүн негизинде өз оюңду эркин баяндап бер.



## ТАБЫШМАКТЫН ЖАНДЫРМАГЫН ТАП

Карагайсыз, тактайсыз,
Көпүрө салат балтасыз. ( М..)



Сөзү бар, тили жок.
Кып эткен үнү жок,
Муз тоңгондо үшүбөйт,
Суусуз анын күнү жок.

Колу жок, буту жок,
Терезеге сайма саят. (А.. )



28-сабак

# ИТ МЕНЕН АЮУ
## (Элдик жомок)

Аюу менен ит дос болушту. Бир күнү итке:

– Кана, досум, чээнге кирели. Кыш кирип келди, – деди аюу.

– Ой, чээн дегениң эмне? – деди ит таңыркап.

– Экөөбүз үңкүргө киребиз. Кышында уктап жатабыз. Жазында чээнден чыгабыз.

– Ачка кантип уктайбыз, досум? – деди ит.

– Таманыбызды соруп, жата беребиз. Төрт тамандын майы бүтөт, кыш да бүтөт, – деди аюу үргүлөп.

– Кайдагы май? – деп, ит өзүнүн таманын көрсөттү.

Аюу иттин таманын шимип, жерге түкүрдү.

– Ырас эле таманыңда чаңдан башка оозго илинер эчтеме жок го? – деди да, аюу кыйшая баштады.

– Досум, койчу, обу жок тамашаны, – деди ит ыйламсырап.

Бирок аюу анын сөзүн уккан жок. Кышкы уйкусуна кирди. Ит көпкө отурду. Акыры аюунун ойгонбосуна көзү жетип, жүрүп кетти.




### Суроолорго жооп бер

1. Аюу итке эмнени сунуштады?
2. Ит эмне үчүн аюунун жанында калбады?
3. Аюну чыныгы дос десек болобу?

# 29-сабак БААРЫҢАРГА ТАПШЫРМА


Бээ баласы – кулун,
Төө баласы – бото.
Уй баласы – музоо,
Кой баласы – козу.




Аюу баласы – мамалак.
Суур баласы – чөндөлөй.
Түлкү баласы – бачики.
Мышык баласы – мый.

Ай-ай, абдан көп тура,
Табылбаган аттарды.
Сураштырып тапкыла,
Баарыңарга тапшырма.

Түгөлбай Сыдыкбеков





## Суроолорго жооп бер

1. Сага ыр жактыбы? Эмне үчүн?
2. Сен дагы кандай жаныбарлардын балдарын билесиң?
3. Ырды көрктүү оку.

## «Ойло, изде , тап» оюну

Жаныбарлардын балдарынын аттарын айт.

30-сабак

# АБЫЛ МЕРГЕН

Абыл мерген мылтыгын алып ууга чыкмак болду. Көптөн бери эңсеп жүргөн иши, аюу атууну көздөдү. Тору кашка аты менен жолго чыкты. Бийик арчанын түбүнө атын байлады. Аюуну эки күн аңдыды. Үчүнчү күнү таңда аюуну мамалагы менен көрдү. Ал баласына балык тутууну үйрөтүп жатыптыр. Абыл мергенди аюу байкап калды. Мамалагын ээрчитип, үңкүргө качты. Мергенчи үңкүрдүн оозун акмалап түшкө дейре жатты.



Бир маалда ал өтө суусады. Шаркыратмада суусунун кандырды. Бурулса, артында аюу айбат салып туруптур. Артына кетенчиктеп, аюудан: «Мага тийбе, сураныч, өзүңдү да, мамалагыңды да эми атпаймын», – деп суранды. Аюу бир өкүрүп, артын көздөй кетти. Мерген мамалагын ээрчитип бараткан аюуга мылтыгын сунуп, бирок атпады.

## Суроолорго жооп бер

1. Мерген эмне кылууну эңсеп жүргөн?
2. Аюу анын айткан сөздөрүнө түшүндүбү?
3. Аңчы эмне үчүн артына кайтып кетти?

! **Э** тамгасы сөздүн башында же үндүү тамгадан кийин келсе **э** болуп жазылат. Эчки, элек, аэропорт.
Сөздүн ортосунда, аягында жана үнсүз тамгалардан кийин келсе **е** болуп жазылат. Мисалы: Кеп, терек, белек.

Төмөнкү сүрөттөрдүн аттарын ата. «Э» тыбышынын эрежеси боюнча айтып бер.









# 31-сабак БАКТЕККЕ БООРУ ООРУГАН НАВАИЙ

Алишер Наваий менен Султан Хусейин ууга чыгышты. Алишер бир жерге чатыр тиктирип, ошол жерди турактайт. Аңчылык бүтүп, кетер күнүн кабарлап чабарман келет. Эрте таңда эки адам чатырды чече башташат. Чатырга бир бактек уя салып алыптыр. Ал уяда жумурткасын басып жаткан экен.

Ошондо Алишер:

– Бактек балапан чыгарганча, бир адамды калтырып кетели, – дейт. Чабарман:

– Канаттуу куш учат да кетет – дейт. Анда Алишер Наваий:

– Бактектин жумурткасына да канат байлатасызбы? – деп кайра аны уяткарат.



## Суроолорго жооп бер

1. Алишер Наваий ким менен ууга чыкты?
2. Бактек каерге уя салган эле?
3. Чабарманды эмне деп уят кылды?

# БИРИНЧИ КАР



Улак чындап ойлонду:
«Сүттү төгүп койгонбу?»
Сапсары ооз таранчы,
Сайрайт: «Достор карачы,
Жерге батпас тыйынды
Бирден терип саначы».
Чычкан уулу momолой,
Чың-чың этет: «Ой, тобо, ой,
Ким чачты экен талаага
Ун убалын ойлобой!»

Түгөлбай Сыдыкбеков

## ? Суроолорго жооп бер

1. Улак, таранчы, momолой карды эмне деп ойлошту?
2. Эмне үчүн булар карды билишпеди?
3. Ырды ролдорго бөлүп оку.

# 33-сабак ТАБИЯТТАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР



## Суроолорго жооп бер

1. Сүрөттүн негизинде беш сүйлөм түз.
2. Суу качан музга айланат?
3. Табияттагы өзгөрүүлөр жөнүндө сүйлөп бер.
4. Жердеги суу асманга чыгабы?

### ТАБЫШМАК



Буту жок, басат,
Канаты жок, учат. (Б…. )

Үчөө ынтымактуу дешет,
Бирөө куюлуп түшөт,
Бирөө кубанып ичет,
Бирөө кулпунуп өсөт. (Ж…, ж..., ө……)

34-сабак

# СУУ – ТЕҢДЕШСИЗ БАЙЛЫК



Суусуз жашоо жок. Суу тамак-аш, саламаттыкты сактоодо адамдар үчүн зарыл байлык эсептелет. Суу жер жүзүнүн үчтөн эки бөлүгүнөн көп аянтты ээлейт. Эки пайызы болсо муз абалында. Болгону бир пайызы гана ичимдик суусу катары пайдаланылат. Демек, табиятта ичимдик суусу өтө аз. Ушул бир пайыз суунун канчалык зарыл экенин, аны үнөмдөө керектигин жакшылап ойлоп көрчү. Бирок биз сууну коромжу кылбастык эрежесине амал кылып жатабызбы?

## Суроолорго жооп бер

1. Эмне үчүн суусуз жашоого болбойт?
2. Сен сууну кантип үнөмдөйсүң?
3. Суу жөнүндө макал жана ырларды билесиңби?

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Суу атасы – булак, сөз атасы кулак.

### ТАБЫШМАК

Күнү – түнү тынбаган,
Бөлө чапса сынбаган. (с.. )



**!** Кыргыз тилинде 6 созулма үндүү тыбыш бар. Алар: **аа, оо, уу, өө, үү, ээ.**





**ОЙЛОП ТАП!**





**Күү, бээ, баары, кооз, жөө, сулуу** сөздөрүнө тыбыштык талдоо жүргүз.

**Мисалы:** Күү – 1 муун, 3 тамга, 2 тыбыш.
К – үнсүз, каткалаң, түгөйлүү.
Үү – үндүү, созулма, ичке.

**Эсиңе сакта:** Созулма үндүүлөр бир тыбыш берет.

## БУЛ КАЙСЫ ТАМГА?

«Ж» менен баштап айтсаң,
Көл боюнан табасың.
«К» ордуна «Н» койсоң,
Тууган болуп каласың.

35-сабак

# ЖОГОЛГОН УЛАКТАР

Болот абдан так эле,
Болот абдан сак эле.
Өзү багып чоңойткон,
Үч улагы бар эле.

Бирок Болот бир жолу,
Улактарын карабай.
Уктап, уктап калыптыр,
Уят болду аябай.

Үч улактан башкасын,
Бүт жоготуп алыптыр.
Кана, балдар, Болоттун,
Канча улагы калыптыр?



## Суроолорго жооп бер

1. Болоттун канча улагы бар эле?
2. Болот уктап турганда эмне болду?
3. Ырды көркөм оку.

# 36-сабак АБА-ЫРАЙЫН КҮН МУРУНТАН КАНТИП БИЛҮҮГӨ БОЛОТ?



Күн суук, бороон-чапкын болоордо чымчыктар куураган чырпыкка корголошот. Ошого карап эл күндүн суук болоорун баамдашкан.

Каргалар жайкысын каркылдаса, жамгыр жаайт, кышкысын каркылдаса, кар жаап, бороон болот.

Каргалар тумшугун канатынын алдына катса – бул суук болоорунун белгиси.

Каргалар учуп жүрүп, асманда оюн салса, күн ачык болот.

Каргалар кышкысын топ-топ болуп учса, күн суук болот.

«Балаты» журналынан

## ? Суроолорго жооп бер

1. Аба-ырайын кантип билүүгө болот экен?
2. Сен канаттуулардын аба-ырайын алдын-ала сезерин мурда уккан белеӊ? Өз оюӊду айтып көр.

# 37-сабак БАКТЕК





Жол□ бир тоголок дан жаткан. Бактек аны көрүп жерге кон□. Данды тиштеп оозуна сал□. Уясына учуп жөнөдү. Уяда эки кичинекей балапаны бар эле.

Бактек уясы□ келди. Аны бир тентек бала көрүп кал□. Рогатка менен бактек□ атып жиберди. Таш бактектин жүрөгү□ кадалды. Бактек жер□ кулады.

Тентек бала колу□ түздүгүнө кубанды. Уяда балапандар энесин күтүп жат□.

**Колдонулуучу муундар:** **до, ду, ды, на, ды, ти, нө, ге, нун, ты.**

## ? Суроолорго жооп бер

1. Түшүп калган муунду таап, тестти окуп чык.
2. Бактек эмне үчүн жерге конду?
3. Тентек бала аны көрүп эмне кылды?

# 38-сабак БУЛ КАЙСЫ ӨӨ ЛӨР?



Баш тамгасын койсоңор,
Айры өркөчтүү __ өө болот.
Тазалабай меш жакса,
Кернейине __ өө толот.
Карышкыр түспөл кичине,
Анын аты __ өө болот.
Атчан киши эгерде,
Аттан түшсө __ өө болот.



Бул кайсы УУ лар?

1) Суюк болсо – ___ УУ
2) Ысытса – ___ УУ
3) Чурулдаса – ___ УУ
4) Көл чабылса – __ УУ
5) Учса – __ УУ
6) Көтөрсө – __ УУ

## ? Суроолорго жооп бер

1. Өзүң да ушундай сөздөрдү табууга аракет жаса.
2. Ырды жатка айтып бер.

# 39-сабак

# БААРЫНАН КИМ КҮЧТҮҮ?

I

Кыштын күнү кыргоол жээктеги бадалдан койкоюп чыгып, суу ичүү үчүн көлмөгө кирди. Ошондо узун куйругу музга чабышып, биротоло чыкпай калган экен.

– Ой – эй, көк муз! Дүйнөдө сенден күчтүү эч нерсе жок бейм... Заматтын ортосунда куйругумду бекем кармапсың, – деди кыргоол.

– Жо-ок, кыргоол, – деди көк муз, – менден жазгы жамгыр күчтүү. Ал жааганда мен бат эле эрип кетем.

Жамгыр болсо минтип айтты:

–Мен кайдан күчтүү болоюн! Менден Жер күчтүү. Ал мени сиңирип алат, – деди.



Анда Жер сүйлөдү:

– Менден токой күчтүү. Ал менин үстүмдү каптап, тамырын туш-тушка жайып, мендеги күчтү бүт тартып кетет.

– Жок, менде күч жок, – деди токой. – Баарынан өрт күчтүү. Ал каптаса, менин соройгон гана сөңгөгүм калат.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Кыргоол эмне үчүн музду баарынан күчтүү деп ойлоду?
2. Жамгырчы? Токой эмне күчтүү деди?
3. Ал эми өрт эмне дээр экен? Андан ары окуйлу.

# БААРЫНАН КИМ КҮЧТҮҮ?

II

Муну угуп, өрт сүйлөдү:

– Менден шамал күчтүү. Шамал катуу сокккондо чаңым чыгып, кайда качаарымды билбей калам.

– Ырас эле менде күч көп,– деди шамал.

– Жыгачты түбү менен жулам, үйдү кулатам, отту чачам... Бирок жерге жаңы чыккан көк чөпкө эч алым жетпеди. Ошондуктан көк чөп күчтүү.

Анда көк чөп айтты:

– Менде эч кандай күч жок. Койлор оттоп, тебелеп айламды кетирет. Баарынан кой күчтүү!

– Байкуш кой минтип маарады:

– Ма-а! Менде күч кайдан болсун! Көк карышкыр жолукса жеп салат. Дүйнөдө андан өткөн күчтүү жок.

– Силер эч нерсени билбейт экенсиңер! – деп улуду көк карышкыр. – Баарынан киши күчтүү! Ал кыргоолду кармайт, музду бузат, жаанды болсо эч тоготпойт. Жерди айдап, токойду кыркат, өрттү өчүрөт. Чөптү чаап алат, койду союп жейт, мендей карышкырды өлтүрүп жок кылат.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Өрт шамалдан коркот турбайбы? Эмне үчүн коркот экен?
2. Шамал, көк чөп, кой эмне дешти?
3. Карышкыр чындыкты айтты деп ойлойсуңбу?
4. Жомокту ролдорго бөлүп окугула.

# 41-сабак ТАБИЯТТЫ КОРГОЙЛУ



Сүрөттүн негизинде аңгеме түз.

## Суроолорго жооп бер

1. Сүрөттө эмнелерди көрүп турасың?
2. Табиятты коргоо дегенде эмнени түшүнөсүң?
3. Сен табиятка кандай жардам бере аласың?

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Жаратылыш жаңылыштыкты кечирбейт.

Жалгыз дарак токой болбойт.

Жаратылыш байлыгы – жан дүйнөгө дары.

Жазгы жамгырга ишенбе, кышкы күнгө ишенбе.

# 42-сабак

## МАМАЛАК ЫРЫ



Көп дүкөндү аралап,
Көрүп калдым Мамалак.
Капа толгон көздөрү,
Карап турду жалдырап.

Жүр, жүрөгой Мамалак,
Үйгө алып барайын.
Жомок айтып, ыр ырдап,
Эркелетип багайын.

Мамалак, Мамалак,
Ырдап берем сага арнап.
Күлүп койчу Мамалак,
Сага күлгөн жарашат.
Колу бутуң оорутпайм,
Эркелеп өс Мамалак.


### Суроолорго жооп бер

1. Мамалак эмненин баласы?
2. Ырдын эмнеси сага жакты?
3. Ырды обону менен ырдоого үйрөн.


### ТАБЫШМАК

Тоодо экен үңкүрү,
Топ жырткычтын күчтүүсү.
Тышка чыкпай кышында,
Уктап жатат күн-түнү. (А...)

**!** Кыргыз тилинде 25 үнсүз тыбыш бар. Алар жазууда 22 тамга менен белгиленет. Алар: **б , в, г, д, ж, з, й, к, л, м, н, п, ң, р, с, т, ф, х, ц, ч, ш.**
Үнсүз тыбыштар **жумшак** жана **каткалаң** болуп бөлүнүшөт.
Жумшак үнсүздөр: **б, в, г, д, ж, з, й, л, м, н, ң, р**








Жумшак жана каткалаң үнсүздөрдү айтып бер.

## «Улантып кет» оюну

Үнсүз тыбыштар менен башталган сөздөрдү айтып оюнду улант.

### ТАБЫШМАК

Жалтырайт, көңүлдү бөлөм,
Карасам, өзүмдү көрөм. (К.... )

# 43-сабак

# ДАРАК ДА ЫЙЛАЙБЫ?
## (Мугалим окуп берет)



Марат ташмылтык жасаганга ылайык ачакей бутак издеди. Аны ак кайыңдын төмөнкү бутагынан тапты. Ачакейди кесип алды. Кайыңдын түбүнө отуруп, анын кабыгын тазалады. Ошол кезде колуна тамчы «тып» этип тамды. Марат өйдө жакты карады.

Асман ачык эле. Ишин кайра улантты. Көп узабай колуна экинчи ирет тамды. Ошондо ордунан туруп, «Кайдан тамып жатты экен?» дегендей, өйдө жакты карай баштады. Ана, тамчы эми бетине тамды. Көрсө, алиги бутагы кыйылган жерден суу чыгып жатыптыр. Марат буга аң-таң калды. Ал тамчыны үйүнө келгенден кийин атасына да айтты. А атасы ойлонуп калды.

– Жер бетинде өсүмдүктүн баары адамдар сыяктуу эле тирүү, – деди ал кыйладан кийин.

– Аларды сындырсаң, кыйсаң эти ооруйт, кыйналат. Марат атасына таңкала карады:

– Чын элеби?

– Тиги тамчы бекер тамды дейсиңби, уулум? – деп сөзүн улантты атасы.

– Ал жөнөкөй тамчы эмес, кайыңдын көз жашы го? Балким, кесилген жеринин ооруганына чыдабай, ыйлап жаткан чыгар...

## ? Суроолорго жооп бер

1. Марат кантип ташмылтык жасады?
2. Тамчы эмнеден түшүп жатты?
3. Сен кандай ойлойсуң, чын эле дарак ыйлайдыбы?

44-сабак

# ШАЙЫР КАЗДАР

Чоң энеге дайым,
Эки казы дайын.
Бири ак каз, бири боппоз,
Экөө тең бир шайыр.

Тамандарын суулап,
Таза суугa жуунат.
Бири ак каз, бири бопбоз.
Экөө кандай куунак.

Чоң эне алактайт,
Эки казын таппайт.
Бири ак каз, бири бопбоз,
Экөө тең жөн жатпайт.



## Суроолорго жооп бер

1. Каздар кандай эле?
2. Силер да каздарга окшоп апаңарды кыйнабай-сыңарбы?
3. Обонун үйрөнүп, чогуу ырдайлы.

## КУЛАГЫҢА КҮМҮШ СЫРГА

Мен улуулардын мына бул сөздөрүнөн азыктанып чоңойдум. Элибизде «Карынын кебин капка сал» деген макал бар эмеспи. Мына ошол накыл кептерге силердин да көңүлүңөрдү бурайын.

Көк чөпту үзбө, боюң өспөй калат.

Балапанды кармаба, колуңдун уусу өтөт.

Чымчыктын уясын бузба, каргайт, оңдоп койсоң сооп болот.

Нанды тепсебе, убал болот.

Кишиге түкүрбө, колуңа сөөл чыгат.

Бакага тийсең, бетиң чаар болот.

### ? Суроолорго жооп бер

1. Накыл сөздөрду чечмеле.
2. Чоң ата, чоң энең накыл сөздөр айтышканбы?
3. Ар бир айтылган сөзду жаттап ал.

## ТИЛИБИЗДИ ЖАТЫКТЫРАБЫЗ

Маң-маң кашка коюм,
Бешөө беш башка коюм.
Тиши ушак коюм,
Буту тушак коюм.

# ЖАЗ



Өлкөбүзгө жаз келди. Жылуу күндөр башталды. Жер Эне уйкудан ойгонду. Биздин короодо алма, өрүк, карагат өсөт. Жазында биз жемиштердин түбүн жумшартабыз. Бак-дарактар ден соолук үчүн өтө пайдалуу. Анткени алар абаны тазалайт. Алар бизди күндүн ысык аптабынан коргойт. Алардын мөмөлөрү витаминдерге абдан бай.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Бак-дарактардын ден соолукка кандай пайдасы бар?
2. Сен кандай мөмөлүү дарактарды билесиң?
3. Текстти окуп, түшүнүгүңдү айтып бер.

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Жаз жарыш, күз күрөш.


Жумшак үнсүздөр – 12. Алар: **б, в, г, д, ж, з, й, л, м, н, ң, р.**

## «Чынжыр» оюну


Жумшак үнсүздөр менен башталган сөздөрдү айт.

Үнсүз тыбыштар менен башталган сөздөрдү айтып оюнду улант.

Табышмактардын жообун тап.



Өз атын атап жадабай,
Жар салат ой-тоо кыяга.
Жумурткасын таштайт ал,
Туш келип калган уяга.



Өзү биз менен жүрөт,
Шамал болорун билет.
Чапаны ак же карала,
Дайыма кызыл өтүк киет.



Өткүр алмаз тиши бар,
Өгүздөй кара күчү бар,
Күнү бою бүтпөгөн,
Кужүрмөндүк иши бар.



Суу топтолуп калган жер.

Жазда эмне жаайт?

46-сабак

# МАШЫГАБЫЗ – ЖЫРГАЙБЫЗ

Ага-ини болуп алып,
Кийинебиз сонун, тыкан.
Биз ар күнү туруп таңда –
Машыгабыз кең аянтта.



Ден соолукка умтулуп биз,
Машыгабыз – жыргайбыз биз.
Жүгүрөбүз ар тарапка,
Үлгүрөбүз көп кыймылга.

Өзүбүздү эркин коюп,
Дем тартабыз тоюп-тоюп.
Ден соолукка умтулуп биз,
Машыгабыз – жыргайбыз биз.



Кээде отуруп, кээде жатып,
Ар тарапка топту атып.
Ырас, бир аз чарчайбыз биз,
Тердесек да чыдайбыз биз.
Ден соолукка умтулуп биз,
Машыгабыз – жыргайбыз биз.

Полот Момун

## ? Суроолорго жооп бер

1. Сен да эрте менен көнүгүү жасайсыңбы?
2. Көнүгүү жасоонун ден соолукка кандай пайдасы бар?
3. Ырды айтып, көнүгүү жаса.

47-сабак

# ЖАШЫЛЧАЛАР ЖАНА МӨМӨ-ЖЕМИШТЕР



Ата Мекенибиз күнөстүү өлкө. Себеби жергебизге күндүн нуру жакшы тиет. Жергебиздин топурагы асыл, суусу мол. Булардын бардыгы ар түрдүү жашылчалардын, жемиштердин өсүүсүнө шарт түзөт. Бышкан мөмө-жемиштерден тоё жейбиз. Алар алмурут, өрүк, шабдалы, анар, курма, карагат, жаңгак жана башкалар.

Жашылчаларга сабиз, пияз, капуста, картошка, түрп, шалгам, помидор, бадыраң кирет.

## Суроолорго жооп бер

1. Кайсы жашылчаларды билесиң?
2. Жашылча менен мөмө-жемиштерди салыштырып, окшоштугун белгиле.

# ТАБЫШМАКТАРДЫН ЖАНДЫРМАГЫН ТАП

Кабат – кабат
көйнөк кийген,
Топчусу жок тигилген.

Пиязга бул бир tууган,
Көп бөлүк болуп жаралган.


Муштумдай кызыл
тоголок,
Жер бетинде чоңоёт.
Алмабы деп талашпа,
Аны туурайт салатка.


Арчысаң көздөн
жаш агат,
Ал .... эмне деп аталат.

Коонго окшош,
коон дебейт.
Аны эч ким
чийки жебейт.

Узун сүйрү, сапсары,
Жашыл түстүү чачтары.





48-сабак

# ДЕН СООЛУК – ТҮМӨН БАЙЛЫК

Өткөн заманда бир кедей жигит даанышман чалдын алдына келип:

– Ата, жегенге наным, кийгенге кийимим жок – деп наалыптыр.

Чал ага мындай дептир:

– Макул, анда мага оң колуңду сат.

– Жок, оң колум өзүмө керек, – деп жооп кайтарыптыр таң калган жигит.

– Андай болсо оң көзүңдү сат.

– Эмне үчүн көзүмдү сатат экенмин? Ал мага али керек, – дептир жигит.

Чал жигиттин дене мүчөлөрүн бир-бирден сат деп айтып чыгыптыр. Ал эми жигит болсо жок деген жоопту кайталай бериптир. Ошондо чал жигитке:

– Төрт мүчөң аман болуп туруп турмуштан эмне үчүн наалыйсың? Ден соолук – түмөн байлык го! Сен жакшысы, жалкоолукту таштагын да, эмгектен, – деп кеңеш бериптир.



## Суроолорго жооп бер

1. Даанышман баланын эмнелерин сат деди?
2. Жигит эмне үчүн сатпады?
3. Сен жигиттин ордунда болсоң эмне кылмак элең?

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Жалкоого . . .    көп.

Эмгекчинин . . . таттуу,

Жалкоонун . . .  таттуу.

Дендин .... жакшы, пейилдин ... жакшы.

Ден соолук – ....... байлык.

Дени тазанын деми ....

Дени соонун – жаны ...

Даана байлык – ден ......

Дене тарбия – ден соолукка табылбас ....

Күлкү – ден соолуктун .....

Ач кадырын ток билбейт, оору кадырын ... билбейт.

Колдонулуучу сөздөр: **шылтоо, наны, сагы, агы, түмөн, соо**

## 49-сабак ТИШТЕРИМ АК ШУРУДАЙ

Тиштеримди щёткалап,
Күндө-күндө жууймун.
Тишти жегич курттарды,
Жакындатпай кууймун.

Түшүнө албай бөбөгүм,
«Жышыба» – дейт курулай.
Жууган үчүн тиштерим,
Тизилген ак шурудай.



### Суроолорго жооп бер

1. Ыр жактыбы?
2. Сен да тишинди жууйсуңбу?
3. Тиштериң шурудай ак болушу үчүн эмне кылуу керек?

### Пайдалуу кеңеш

Таза абада ойно. Тазалыкты сакта. Тишиңди күн сайын жуу. Тырмагыңды өстүрбө. Жашылча жемиштерди жууп же. Аба ырайына жараша жылуу кийин. Денеңди чыңда. Биринчи байлык – ден соолук!

### Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Таза жүрсөң, оорусуз болосуң.

Биринчи байлык – ден соолук.

Каткалаң үнсүздөр – 10. Алар: **к, п, с, т, ф, х, ц, ч, щ, ш.**

Ырдан каткалаң үнсүздөр менен башталган сөздөрдү тап.

**Ыр эмне жөнүндө?**

**Эмнелерди билет элең?**

**ТИШТЕРИМ АК ШУРУДАЙ**

**Эмнелерди билдиң?**

**Эмнелерди билгиң келет?**

## ТИЛИБИЗДИ ЖАТЫКТЫРАБЫЗ

Бир түп тыт,
Бир түп түрп,
Түрп тытты түртөт,
Тыт түрптү түртөт.

50-сабак

# АПАНЫН КЕҢЕШИ



Апасы: – Гүлзар, турдуңбу? Мектепке кечигесиң.
Гулзар: – Апаке, эмнегедир этим ысып турат.
Апасы: – Кызым сага эмне болду?
Гүлзар: – Апа, тамагым ооруп жатат.
Апасы: – Оозуңду ачып көрсөтчү. Муздак эмне жеген элең?
Гүлзар: – Кечээ муздак ичимдик ичтим эле.
Апасы: – Аа, баары түшүнүктүү. Бул ангина. Дарыгер келгенче ромашка менен тамагыңды чайка. Анан бал кошуп чай ич.

Бир жума өттү. Гүлзар айыкты. Мындан кийин ал муздак нерселерди ичпей турган болду.

## Суроолорго жооп бер

1. Гүлзардын эмнеси ооруп калды?
2. Апасы эмне деди?
3. Гүлзар кантип айыкты?

# 51-сабак БААРЫНАН ЭНЕ ЫЙЫК







Сүрөттөргө карап, чакан аңгеме түз.

## Суроолорго жооп бер

1. Апа баласы үчүн кандай камкордуктарды көрөт?
2. Апанын эмгектерин атап көрчү.
3. Өзүңдүн апаң жөнүндө айтып бер.
4. Апалардын майрамы жөнүндө билесиңби?

# 52-сабак

# 8 - МАРТ – АЯЛДАРДЫН ЭЛ АРАЛЫК КҮНҮ

8-март – энелердин, эжелердин жана сиңдилердин Эл аралык майрамы. Бул майрам – бардык майрамдардын сулуусу, сүйкүмдүүсү. Анткени бизди жарык дүйнөгө алып келген энелерибиздин майрамы. Ошондуктан биз энелерибизди бул күнү айрыкча урматтап, сыйлап, белек тартуулашыбыз керек.

Энелерибизди ушул майрам күнү гана эмес, ар күнү урматтап, эмгегин сыйлайлы. Бул күнү сен апаңды майрамы менен куттуктаганды унутпа!

## Суроолорго жооп бер

1. 8-март кандай күн экен?
2. Апаңа кандай белек даярдадың?
3. Сен дагы кандай майрамдарды билесиң?



# 53-сабак АПАКЕМ

Апакем, ай бактым сен,
Түбөлүк бар болгун.
Бактыга, ай жаралган,
Кубанычым апакем.

Апакем, ырдап берем,
Ааламдын гүлүн терем.
Сагынып кетем апакем,
Ай апакем!

Асылжан ай апакем,
Ардагым, аярым.
Мен үчүн, уулуң үчүн,
Аябас апакем.



## Суроолорго жооп бер

1. Ырды уккулуктуу оку.
2. Сен апаңдын майрамына кандай даярдык көрдүң?
3. Ырды обону менен ырдагыла.

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Энесин сыйлаган элине жагат,
Атасын сыйлаган абийир табат.

Эненин адаты – кызга үлгү.

**К, г** тыбыштары жоон үндүүлөр менен келсе **кы, гы** болуп айтылат.

Сүрөттөрдө эмнелерди көрүп турасың?

**К, г** тыбыштарынын **а, о, у, ы** тамгалары менен катар келгенде кандай угуларына көңүл бур.



**карагат**




**кумура**




**калпак**



**жоогазын**



**кагаз**




**кулак**



**глобус**



**кайык**



**кыш**

54-сабак

# ЭФИР МАЙЛАРЫ

Элиза: – Нурбек, билесиңби, эмне үчүн пиязды аарчыганда көздөн жаш чыгат?
Нурбек: – Жок, эмне үчүн?
Элиза: – Анткени эфир майлары абага тарайт.
Нурбек: – Эфир майлары?
Элиза: – Ооба, алар зыяндуу бактерияларды өлтүрөт.
Нурбек: – Түшүндүм. Демек, бул эфир майлары турбайбы.
Элиза: – Ооба. Бирок сасык тумоо өтө жугуштуу оору.
Нурбек: – Туура. Апам да «ар дайым сасык тумоодон этият бол» дейт.
Элиза: – Ошондуктан суук тийгенде пиязды аарчып, майдалап койсо, эфир майлары оорудан сактайт.
Нурбек: – Ооба, апам дарыгерге кайрылып, анан дарылануун керектигин айткан.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Пиязды аарчыганда эмне үчүн көздөн жаш чыгат?
2. Сасык тумоодон кантип сактануу керек?
3. Дарыларды өз алдынча ичсе болобу?



**к, г** тыбыштары ичке үндүүлөр менен келсе **ки, ги** болуп айтылат.

Сүрөттө эмнелерди көрүп жатасың?


**К, г** тыбышы кайсы тыбыштар менен катар келгенде **ки, ги** болуп угулат экен?



**көпүрө**



**кийик**




**көгүчкөн**



**гезит**



**күзгү**



**гүлдесте**



**күчүк**



**күз**

55-сабак

# БАЛАЛЫК



Ай чыкты карачы,
Айдан биз жаралдык.
Ай нуру төгүлгөн,
Алтындай балалык.

Күн чыкты карачы,
Күндөн биз жаралдык.
Күн нуру төгүлгөн,
Күмүштөй балалык.

Асманда жылдыздар,
Жымыңдап карашат.
Анткени алар да,
Тынчтыкты самашат.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Ыр эмне жөнүндө экен?
2. Алтындай, балалык дегенди кандай түшүнөсүң?
3. Ырды көркөм оку жана чогуу ырдагыла.

56-сабак

# ЖАЗГҮЛГӨ ЭМНЕ БОЛДУ?



Жазгүл эти ысып, чүчкүрүп ооруп калды. Тамагы аябай ооруп, жөтөлдү. Апасы аны дарыгерге алып барды. Дарыгер Жазгүлдү көрүп, дары жазып берди. Жазгүл бир жума үйдө жатып калды. Курбулары күнүгө телефон чалып, Жазгүлдүн ал-жайын сурап турушту. Гүлиза менен Нуриза өтүлгөн темаларды, тапшырмаларды айтып берип турушту. Жазгүл мектепке келгенде сабактарынан кыйналган жок.


## Суроолорго жооп бер

1. Жазгүлгө эмне болду?
2. Ага сабактардан кимдер жардам берип турушту?

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Достук кыйынчылыкта билинет.

# 57-сабак КӨКТӨМ



Сүрөткө карап чакан аңгеме түз.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Табияттагы кандай өзгөрүүлөрдү байкадың?
2. Жаз мезгилиндеги кайсы майрам сага өзгөчө жагат?
3. Досторуң менен кандай оюндарды ойнойсуң?

### ТАБЫШМАК

Уккулуктуу сайраган,
Жай айында жайлаган.
Кыш болгондо кетет да,
Жазында келет кайрадан. (Б.....)

58-сабак

# СЕЛКИНЧЕК



Көк чийип төбөбүз,
Селкинчек тебебиз.
Көгүчкөн өңдөнүп,
Көкөлөй беребиз.

Селкинчек тебебиз,
Чыңалат денебиз.
Кубаныч өзүнчө…
Куштарга теңелиш.

Көнгөнбүз баарыбыз,
Айланбайт башыбыз.
Эрте-кеч келебиз,
Энтеңдеп ашыгып.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Ыр эмне жөнүндө экен?
2. Сен да селкинчек тебүүнү билесиңби?
3. Бул оюндун ден соолукка кандай пайдасы бар?

# "ШАКЕК САЛМАЙ» ОЮНУ

**Шакек салмай** – кыргыздын элдик оюну. Көбүнчө балдар-кыздар ойношот. Оюнчулар эки алаканын бириктирип, тегерете отурат. Оюн баштаган киши отургандарды кыдырып чыгат (шакекти бирөөнүн алаканына салат). Шакек салган киши өз ордуна отуруп:

– «Алтын шакек, атып чык» – дейт. Шакек жашырган бала же кыз жанындагыларга карматпай, тез ыргып туруп кетет. Ал кезекти алып оюнду улантат. Эки жагындагынын бири кармап калса, ал «жазаланат». Кайра ордуна отурат. Шакек салган оюнчу оюнду улантат.



## Суроолорго жооп бер

1. Сен бул оюнду ойногонсуңбу?
2. Оюнду кандай ойноону үйрөндүңбү?
3. Оюнду чогуу ойногула.

Айрым жумшак үнсүздөр менен каткалаң үнсүздөр түгөйлөшөт. Алар: **б – п, в – ф, г – к, д – т, з – с, ж – ш.** Булар түгөйлүү үнсүздөр деп аталат.

**ТҮГӨЙЛҮҮ ҮНСҮЗДӨР**
Айтылышы жана угулушу боюнча бири – бирине өтө жакын тыбыштар түгөйлүү үнсүздөр деп аталат Алар: **б - п, в - ф, г - н, д - т, ж - ш, з - с.**

**ТҮГӨЙСҮЗ ҮНСҮЗДӨР**
**й, л, м, н, ң, р, х, ц, ч, щ.**

Түгөйлүү үнсүздөргө сөз табуу менен «Ким билгич» оюнун ойногула.

**ТҮГӨЙЛҮҮ ҮНСҮЗДӨР**

**Бол – пол**
**Пил-**

**Вагон –**
**Фартук –**

**Зым –**
**Сал –**

**Жаш –**
**Шак – шак**

**Күл –**
**Газ –**

**Дак –**
**Тоо –**

60-сабак

# СПОРТ ОЮНДАРЫ




## Суроолорго жооп бер

1. Сүрөттө кайсы спорт оюндары берилген?
2. Спорт боюнча биздин сыймыгыбыз болгон чемпиондорду билесиңби?
3. Сен кайсы спорт түрүнө кызыгасың?

## ТИЛИҢДИ ЖАТЫКТЫР

Ак топту көк топ кууду,
Көк топту ак топ кууду.
Көк топко ак топ тийсе,
Ак топ токтоп турду.

# 61-сабак АК ТЕРЕК, КӨК ТЕРЕК

**Ак терек, көк терек** – балдардын оюну. Балдар, кыздар эки тарапка бөлүнөт. Эки бөлөк тизилип, бири – биринин колдорун бекем кармашат. Эреже боюнча оюн баштоого укук алган тарап жапырт үн менен:

– Ак терек, көк терек, бизден сизге ким керек, – дешет.

Экинчи тарап бир баланын же кыздын атын аташат. Аты аталган бала жүгүрүп келип, чынжырды үзүп кетүүгө аракеттенет. Эгерде колун бөлө албай калса, өзү ошол тарапка кошулат. Кармашкан колду бөлүп кетсе, бөлүнгөн балдардын бирин өз тарабына кошуп алат. Оюн ушундай уланат.

– Ак терек, көк терек,
Бизден сизге ким керек?
– Жепирейген Жээнбек,
Жетип келсин тезирээк.



## ? Суроолорго жооп бер

1. Бул оюн сага жактыбы?
2. Экиге бөлүнүп ойногула.

## ! Түгөйлүү үнсүз **з – с, ж – ш, г – к,** тыбыштары


Кара тамга менен жазылган сөздөргө байкоо жүргүзүп, сүйлөмдөрдүн маанисин түшүндүр.

**з – с**

Ой – тоого берип сары **түс,**
Кечээ эле турган алтын **күз.**

### Сызгыч

Пайдасыз дей салбагын,
Эттияттай кармагын.
Чийгиң келсе түз кылып,
Өтө тиет жардамым.



Абзий Кыдыров

**ж – ш**



### Китепкап

Жапсаң бекем жабылат,
Чапма кулпум чабылат.
Китеп, калем, дептериң,
Баары мага салынат.

### Күз

Карап турам бактарды,
Кайда көрку баштагы?
Жашыл түстөн ажырап,
Жалбырактар сапсары.



62-сабак

# НООРУЗ

Нооруз – жаңы күн, жаңы жыл дегенди билдирет. Көптөгөн мусулман өлкөлөрүндө бул майрам кеңири белгиленет. Бизде бул майрам мамлекеттик деңгээлде өткөрүлөт. Нооруз жаратылыш жанданган, күн менен түн теңелген мезгилге туура келет. Бизде Нооруз майрамы 21-мартта майрамдалат.

Нооруз майрамында түрдүү оюн-зооктор уюштурулат. Дарбаздар оюн көрсөтүп, улак чабылат. Улуттук тамактарды даярдоо боюнча мелдештер өткөрүлөт. Бул күндө таарынышкандар жарашып, жалпы эл оюн-күлкү кылышат.



## ? Суроолорго жооп бер

1. Нооруз кандай майрам?
2. Нооруз майрамына катышкансыңбы?
3. Сүрөткө карап, майрам жөнүндө баяндап бер.

# СҮМӨЛӨК

I

Сабактан келсем, апам коңшу аялдар менен четки үйдө жүргөн экен. Кийимдеримди алмаштырып, апамдар отурган үйгө баш бактым. Коңшулар кең жана жазы тактайга жабылган кездемеге нымдап жибитилген буудайды төгүп жатышыптыр. Ным буудайды тактайга тегиздеп жайып, үстүнөн дагы азыраак суу себишти. Апам мени көрүп:

– Уулум, үрөн өнүп чыкса, ишемби күнү кечинде сүмөлөк даярдоону баштайбыз. Ага чейин жасалуучу жумуштарда атаң менен агаңа кол кабыш кыл, – деди.



## Суроолорго жооп бер

1. Коңшулар эмне кылып жатышкан эле?
2. Апасы балага эмне деди?
3. Сүмөлөктүн буудайын өндүргөндү көргөнсүңбү?

**!** түгөйсүз үнсүздөр: **й, л, м, н, ң, р, х, ц, ч, щ,**

Нан, малина, ракета, хамелеон, люстра, йогурт.

## Суроолорго жооп бер

1. Бул сөздөр кандай тыбыштар менен башталган?
2. Эмне үчүн бул тыбыштарды түгөйсүз үнсүздөр дейт?

## "Улантып кет» оюну

Түгөйсүз үнсүздөр менен башталган сөздөрдү айтуу менен, билимиңди сынап көр.

Сүрөттөрдүн аттарын ата. Бул кайсы аңгемеге байланыштуу?



# СҮМӨЛӨК

II

Мен макул деп, короо жакка өттүм. Мен да колума чакан тырмооч алып, жерди ашыкча чөп-чардан тазаладым. Ишембиге чейин калган төрт күндүн ичинде отун камдадык. Атам менен агама отундарды араалап, керектүү жерге ташыганга жардам бердим. Ишемби күнү коңшулар бүт чогулуп, түнү бою сүмөлөк кайнаттык.

Эртеси бир аз кечирээк ойгондум. Турсам сүмөлөктүн бетин ачышкан экен. Эртең мененки тамакта дасторконго ооз тийгени сүмөлөк коюлду. Мен апама «Бул сүмөлөк өткөн жылдагысынан да даамдуу болуптур», – дедим. Анда атам: «Эмгегиң сиңген тамак мына ушундай таттуу болот», – деди.



## Суроолорго жооп бер


1. Бала кандай жумуштарды аткарды?
2. Сүмөлөк балага эмне үчүн таттуу сезилди?
3. Сүмөлөк жөнүндөгү уламышты уккансыңбы?

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Эмгек кылсаң жашыңдан, дөөлөт кетпейт башыңдан.

## БӨЛҮМ БОЮНЧА КАЙТАЛОО.

1. Өз мекениңди тап.

А)  ; Б)  ; В)  .



2. Кыска үндүү менен башталган сүрөттү тап.

А) ; Б) ; В) .

3. Нургазы Саминанын туулган күнүнө эмне белек берди?

А) ; Б) ; В) .

4. Абыл мерген кайсы жаныбарды атмакчы болду?

А) ; Б) ; В) .

5. Туура жазылган сөздү айт.

А) альбом; Б) албом; В) албомь.


6. Бул сүрөт кайсы чыгармадан алынганын айтып бер.



7. Кимдин улактары жоголду?
А) Бектурдун; Б) Болоттун; В) Бакыттын.

8. Зоопарк сөзүнө тыбыштык талдоо жүргүз.
А) 6 тыбыш, 7 тамга; Б) 7 тыбыш, 7 тамга;
В) 7 тыбыш, 6 тамга.

9. Абайла, ага тийбе,
Үстү толо ийне.
Табышмактын жандырмагын тап.

А)  ; Б)  ; В)  .

10. Эки муундан турган сөздөрдөн айт.

*O‘quv nashri*

**ONA TILI VA O‘QISH SAVODXONLIGI**

*(Qirg‘iz tilida)*

Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining 1-sinfi uchun darslik

*Түзүүчүлөр:*
А.Тойчубаева, А. Юнусалиева, А. Зулпихорова,
Г. Элтуйдиева, М. Куганова

Редактору *Кайратбек Токтобаев*
Сүрөтчүсү *Иброхим Пулатов*
Техникалык редактору *Акмал Сулайманов*
Көркөм редактору *Сарвар Фарманов*
Дизайнер *Иброхим Пулатов*
Корректору *Бурулай Душанова*
Компьютерде беттеген *Иброхим Пулатов*

Басууга уруксат берилди ________. Форматы 60x84 1/8.
Arial гарнитурасы. Кегли 18 шпондуу. Офсеттик ыкмада басылды.
Шарттуу басма табагы 12,1. Эсептик басма табагы 6,71.
Тиражы ____. Буюртма № ___.

«YANGIYUL POLIGRAPH SERVICE» ЖЧК басмаканасында басылды.
112001, Ташкент облусу, Янгиюл району, Самарканд көчөсү, 44.